**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ПАНФИЛОВ РАЙОНУ**
**КУРАМА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КУРАМА**

# КУРАМА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

"28" август 2026-жылдагы №44 Панфилов айылы

## Курама айыл аймагындагы Панфилов айылынын Центральная көчөсү номуру жок дарегинде жайгашкан трансформатор орнотулган жер тилкесин Панфилов (РЭТ) райондук электр тармагынын балансына өткөрүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34, 39-beренелерине жана Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы №37 "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" мыйзамынын 10-беренесине ылайык, Курама айыл аймагындагы Панфилов айылынын Центральная көчөсү номуру жок дарегинде жайгашкан трансформатор орнотулган жер тилкесин электр энергиясы менен камсыздоо системасын тейлөөнү жакшыртуу максатында Панфилов РЭТнын балансына өткөрүп берүү жөнүндө маселени карап чыгып, Курама айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Курама айыл аймагындагы Панфилов айылынын Центральная көчөсү номуру жок дарегинде жайгашкан трансформатор орнотулган 4,0 $м^2$ жер тилкеси Панфилов РЭТнын балансына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Курама айыл өкмөтүнө аталган жер тилкесин жана анда жайгашкан трансформаторду Панфилов РЭТнын балансына өткөрүп берүү боюнча тиешелүү документтерди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жол-жоболоштуруу тапшырылсын.
3. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарында жарыялансын.
4. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.

5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Курама айылдык кеңешинин туруктуу жер комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.К.Джумагулов**